# Убактынды ушунча аядынбы?

Жазгы гүлундой жайнаган жамалынды,

Бир көрбөстөн арманда каламынбы?

Жолугууга бир келсең эмне болмок,

Убактыңды ушунча аядыңбы?

Ишенемин, экөөбүз кездешербиз,

Кез келгенде, ал күндөрдү эстешербиз.

Ара жолдо калбайын ыйламсырап,

Суранаарым, башкага кетпесеңиз.

Билсең деле жөнөйт деп кабарымды,

Узатаарда көрбөдүм караанынды.

Жолугууга бир келсең эмне болмок,

Ушул бойдон көрүшпөй калабызбы?